**10 – эстеткич: Кафедрадагы социалдык жана тарбиялык иштерди уюштуруунун жана аткаруунун абалы, студенттердин арасында сурамжулоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары.**

**2023-жылдын 14-февраль «китеп белекке берүү" майрамы**

ОшМУнун МИТ факультетинин ПМИ(б)-1-22 тайпасынын студенттери 14-февраль «китеп белекке берүү" күнүнө карата поэзия кечесин өткөрүштү. Куратору: Азимов Бектур



**2023-жылдын 18-апрель күнү ОшМУнун МИТ факультетинин «Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн» кафедрасы тарабынан уюштурулган "StudExpo-2023" аттуу студенттердин эмгектеринин жарманкеси болуп өттү. Жарманкеге Казакстан,Өзбекстан Баткен жана Жамал-Абад, Ош шаарларынан эксперттер келишти.**

Ал жерде 100 го жакын таланттуу студенттердин төмөнкүдөй эмгектери жарыяланды:

- ◇ Программалар
- ◇ Роботтор
- ◇ 3D анимациялар
- ◇ Компьютердик оюндар
- ◇ Графикалык дизайн ж.б.

Иш-чаранын 2-бөлүгүндө окуучулар үчүн төмөнкүдөй оюндар уюштурулду:

- ◇ Текстти тез печаттоо
- ◇ Куби-Рубик чогултуу
- ◇ Компьютерде сурот тартуу б.а. Компьютердик графикалык дизайн

Иш-чаранын соңунда жеңүүчүлөр аныкталып баалуу белектерге, сертификаттарга ээ болушту.




**ОшМУда "Санариптештирүү аркылуу айылдык жамааттар үчүн ачык - айкын келечекти куруу" долбоорунун алкагында E-BILIM FEST фестивалы өттү.**

**Фестивалдын ачылыш аземинде Президенттин Ош облусундагы ыйгарым**

**укуктуу өкүлүнүн орун басары Эрнис Толтоев, ОшМУнун дистанциондук билим берүү технологиялар менен иштөө боюнча проректору Таасилкан Жумабаева, Эстониянын Эл аралык өнүктүрүү борборунун долбоорунун менеджери Анна Силем, "Роза Отунбаеванын демилгеси" Фондунун жана DigiKonus долбоорунун өкүлдөрү сөз сүйлөдү.**
**E-BILIM FEST фестивалына ОшМУнун КМИГД кафедрасынын студенттери жана окутуучулары активдүү катышышты. Студенттер өздөрүнүн роботторун, 3D моделдерин, программаларын, мобилдик тиркемелерин жана веб сайттарын жарыялаш.**



**Колдонмо математика жана информатика адистигинин 1-курстары, тактап айтканда КМИ-1-22 тайпасы, куратору Бектур Азимов менен ден соолукту чыңдоо, ынтымакты бекемдөө максатында КМИ жана Графикалык дизайн адистигинин 1-курстарынын арасында Волейбол оюнун уюштуруп, бир чоң иш чара өткөрүштү. Жеңүүчүлөр диплом жана баалуу сыйлыктар менен сыйланышты**.



**Казань шаарында «DigitalSkills 2023» санарип технологиялардын эл аралык чемпионаты отуп жатат. “Digital Skills” (Санарип кондумдор) Казань экспо 2023. 19-24-сентябрь. Кытай, Россия, Бразилия, Кыргызстан, Африка олколору, Озбекстан, Казакстан, … 15 тен ашуун мамлекет катышууда. Кыргызстандын командасы: - Камалов Султанбек конкурсант, - Азимов Бектур эксперт, Ош мамлекеттик университети Учуучу робототехника (Летающая робототехника)**



**ОшМунун МИТ факультетинин «Колдонмо математика жана информатика» багытындагы PhD докторантурасынын ишмердүүлүгүн жогорулатуу, КМИ жана ГД адистиктеринин студенттери жана окутуучулары үчүн академиялык мобилдүүлүк жана тажрыйба алмашуу максатында кафедра башчы жана программа жетекчи катары Б.Азимов, факультеттин деканынын окуу иштери боюнча орун басары Т.Жолдошов докторанттар менен биргеликте Астана шаарындагы Л.Н. Гумилев атындагы Евразия Улуттук университетине иш сапар менен барды. Докторанттардын сырткы жетекчилери менен жолугуу, илимий иштер боюнча баарлашуу жогорку деңгээлде болду. Scopus, Web of Science, РИНЦтин базасындагы журналдарга биргеликте макалаларды чыгаруу талкууланды. Ошондой эле адистиктер арасында өз ара кызматташуу пландалды.**
**ОшМУнун ректору К.Кожобековдун буга чейинки ЕНУ менен түзгон оз ара келишимдеринин алкагында ишке ашууда.**




**Киберспортко карай жаңы кадам.**
**Кыргыз Республикасында биринчи жолу студенттер арасында ОшМУнун алдындагы МФТИТ институтунда киберспорт боюнча турнир уюштурулду. Мелдеш PUBG MOBILE дисциплинасы боюнча онлайн форматта өттү. Турнир КМИГД кафедрасы тарабынан КРнын киберспорт федерациясынын**

**Оштогу өкүлчүлүгү жана Respawn eSports киберспорт каналы менен биргеликте уюштурулду.**
**Pubg Mobile турнирине МФТИТ институтунун студенттеринен куралган жалпы18 команда катышып, 4 картада (оюн) болду. Ар бир картанын жыйынтыгы менен жалпы жыйынтык эсептелип, жыйынтыгында Ensemble eSports командасы 1- орунду, SkillHub командасы 2- орунду, ал эми 3- орунду Team Legends командасы жеңип алды.**
**Оюун жогорку деңгээлде болуп, ага Кыргызстандагы Топ 10дука кирген киберстортчулар дагы катышып, оюун көргөзүштү.**



***МФТИТ институтунда ОшМУнун 85 жылдыгына карата өтүп жаткан илим жумалыгынын алкагында КМИГД кафедрасынын студенттеринин арасында "Акыл таймаш" интеллектуалдык мелдеши өткөрүлдү.***

***🥇1-орунду: ПМИ 2-22 тайпасынан куралган "ПМИшники" командасы***

***багындырды.***
***🥈2-орунду: ПМИ 2-21 тайпасынан куралган “Феникс” командасы.***
***🥉3-орунду: ГД-1-20 тайпасынан куралган “Тапкычтар” командасы алды.***

***📋Иш-чараны мындан ары да улантуу максатында жеңген командалар кийинки мелдештерди уюштуруу тапшырмасы берилди. Бул тапшырма студенттердин университеттин ар кандай иш-чараларына активдүү катышууга, окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана студенттердин арасында ынтымакты чыңдоо максатында берилди.***



27-апрель күнү биздин КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу Турдубеков Бурканбек агай «Булуттук технологиялардын артыкчылыктары жана көйгөйлөрү: учурдагы тенденциялар жана өнүгүү келечеги” аттуу темада мугалимдерге жана студенттерге семинар өттү.




2024-жылдын 12-май күнү КМИГД кафедрасынын студенттеринин арасында ГД 1-23 жана ПМИ 1-23 тайпаларынын демилгеси менен кезектеги волейбол мелдеши өткөрүлдү.

🎖 Студенттердин ар тараптуу өнүгүшүнө салым кошуу максатында кафедрада спорттук иш-чаралар тынымсыз өткөрүлүп келет!


Кезектеги волейбол
мелдеши


Спорт- бул сергек жашоо, жаркын

2024-жылдын 18-май күнү Кыргызстанда биринчи жолу Фиджитал оюндары 1 аталыштагы жаңы форматтагы киберспорт турнири болуп өттү. Мелдеш ОшМУнун 85 жылдыгына арналган маарекенин алкагында уюштурулду.

🔍Виртуалдык жана реалдуу дүйнөнү айкалыштырган жаңы сынакта ар кайсы Жогорку окуу жайлардын студенттеринен командалар түзүлүп, турнирге катышышты.




🎖 Мелдешке ОшТУ, Б.Сыдыков атындагы КӨЭУ жана ОшМУнун студенттеринен турган жалпы 8 команда беттешишти.

Оюн 2 форматта: ☑санариптик мелдеш жана ☑физикалык мелдештен туруп жыйынтыгында:

🥇КӨЭУнын Navi командасы чемпион болуп кубок, Медель, 15000 сом,

🥈2- орунду ОшМУнун МФТИТ институтунун Мадрид командасы 10000 сом,

🥉3- орунду ОшМУнун медицина факультетинин Медфак-3 командасы 5000 сом менен сыйланды.

Фиджитал оюндарын уштуруу МФТИТ институтунун КМИГД кафедрасы демилгелеп Кыргызстан киберспорт федерациясы менен биргеликте ишке ашырышты.

2024-жылдын 23-октябрь күнү, “Автордук укуктарды каттоо жана коргоо” аттуу темада Кыргызпатенттин Түштүк аймактар аралык бөлүмүнүн кызматкерлери студенттер үчүн конок лекциясын окушту.

◇Конок лекциянын максаты - автордук укукту коргоо көйгөйлөрүн, патент алуу жана автордук мыйзамдарынын азыркы абалын талкулоо болду.
🗐Кыргызпатенттин Түштүк аймактар аралык бөлүмүнүн адистери лекция окугандан тышкары, студенттердин кызыккан суроолоруна жооп берип, автордук коргоо боюнча жалпы жоболорду түшүндүрүп беришти.



2024-жылдын 27-29-октябрь күндөрү Мирзо Улугбек атындагы Ташкент Улуттук университетинде, профессор Нарманов Абдигаппар Якубовичтин 70 жылдык юбилейине арналган «Заманбап геометрия жана топологиянын актуалдуу маселелери» аталышындагы Эл аралык илимий конференцияга КМИГД кафедрасынын:

🎖 улук окутуучусу Шамшиева Гүлмира эжекебиз өз илимий баяндамасын жасап, тажрыйба алмашып келди.





2024-жылдын 2-ноябрь күнү КМИГД кафедрасынын окутуучулары Равшан уулу Сыймык жана Камбар кызы Жамал “CRIPTOVALUTA BLOCKCHAIN” жана “TELEGRAM” темасында кызыктуу семинар өтүп беришти.

📋Семинарда окутуучуларыбыз керектүү маалыматтар менен бөлүшүп, өз тажрыйбаларын баяндап беришти.



2024-жылдын 27-октябрынан 8-ноябрына чейин Кытай Эл Республикасынын Сучжо шаарында жайгашкан
HUIBO компаниясынан келген 5 инженери ОшМУ
менен болгон келишимдин негизинде МФТИТ институтунун 15 окутуучусун 12 күндүк
квалификацияны жогорулатуу курсун ОшМУнун Next
Generation Habында өткөрдү.

🫡 КМИГД кафедрасынан кафедра башчысы, тех.и.к., доценТ.М. Жолдошов, жана кафедранын окутуучулары С.С. Камалов жана С.Ө. Турдукулов курска катышышты.

🗂️Жыйынтыгында институттун окутуучулары
программалоо жана робототехника боюнча курсту аяктап, экзамендерди ийгиликтүү тапшырып, эл аралык сертификатка
ээ болушту.

🫡 Кафедранын окутуучулары Кытай элинен илим алуу жана алар менен тажрыйба алмашуу көптөгөн мүмкүнчүлүктөргө жол ачуусун баса белгилеп кетишти.




2024-жылдын 4-ноябрынан 6-ноябрына чейин, 7-ноябрынан 9-ноябрына чейин жана 18-ноябрынан 20-ноябрына чейин КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу Акматов Абдилазиз Алиевич Ош мамлекеттик университетинин квалификацияны жогорулатуу борборунун колдоосу менен Математика предметинен ЖРТга даярдоо боюнча мугалимдерди окутуу семинар-тренингин өткөрдү.

📍 Семинар көптөгөн математика багытындагы мугалимдердин билимин арттыруу максатында уюштурулуп, окутуудан өткөрүп, сертификаттар менен бышыкталды.



2025-жылдын 27-январь күнү Ош МУнун МФТИТ институтунун КМИГД кафедрасы тарабынан "Ак башат" долбоорлоо институтунун тажрыйбалуу дизайнери Абдырахманов Нурбек конок-лектор катары чакырылды.

🗐 Ал "Графикалык дизайн" адистигинин студенттери үчүн 3DS MAX программасында иштөө боюнча мастер-класс өткөрүп, студенттерге кесиптик сырлары жана практикалык тажрыйбасы менен бөлүштү.



2025-жылдын 14-февралында ОшМУнун МФТИТ институтунда “Маалымат аналитиги” (аналитик данных) адиси, Бир нече долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашырган, учурда JSI Research & Training Institute Кыргызстандагы филиалынын Улук маалымат аналитиги Кадыракунов Санжар КМИ, BigDATA, ГД, ИСТ адистиктеринин 1-курстарына “Базовые инструменты аналитики. Power BI” деген темада конок лекция окуду.

🗐 Студенттер үчүн чоң мотивация болуп баалуу, керектүү, жаңы маалыматтарды алышты.



2025-жылдын 21-февралында МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын ассистент-стажеру Мурзали уулу Бексултан “ГИС технологияларынын мүмкүнчүлүктөрү” аттуу темада семинар өттү.

🗐Семинарда ГИС технологияларынын дээрлик бардык мүмкүнчүлүктөрү толук чагылдырылып, демонстрацияланып берилди.

📍 Семинар ОшМУнун борбордук Азия спутниктен талдоо аралыктан зонддоо борборунда болуп өттү.



2025-жылдын 1-мартында МФТИТ институтунун жалпы 1-курстарынын катышуусунда ишембилик болуп өттү.

🎙 Ишембиликке КМИГД кафедрасынын 1-курс студенттери тийиштүү кураторлору менен институттун аймагын тазалоодо активдүү катышышты.



2025-жылдын 25-26-февраль күндөрү МФТИТ институтунун жалпы магистранттарына кафедра башчылар жана программа жетекчилери менен жыйын өткөрүлдү.

🫶 Жолугушуунун негизги максаты - илимий изилдөөлөрдү талкуулоо, окуу процессиндеги көйгөйлөрдү талдоо, сунуштарды угуу ж.б.

🗐 Жыйында институттун директору коррупцияга каршы күрөш, магистранттар үчүн академиялык, профессионалдык өсүү, жаңы көз караштар, иновациялык мүмкүнчүлүктөр, сабакка активдүү катышуу, мобилдүүлүк жана башка маанилүү маселелер боюнча баяндап берди.
Ошондой эле, магистратура бөлүмүнүн башчысы myedu.oshsu.kg жана mooc.oshsu.kg платформалары тууралуу маанилүү маалыматтар менен бөлүштү.



✨
📌Студенттердин Эл аралык көргөзмөсү төмөндөгү багыттарды камтыды:

1. Программалоо, мобилдик жана веб-тиркемелер;
2. Робототехника жана автоматташтыруу;
3. 3D моделдөө жана Моушн анимация;
4. Иллюстрация жана графикалык дизайн.

🗂 Ар бир секциянын жеңүүчүлөрү аныкталып, байгелүү белектер менен сыйланды.

🖇 Андан сырткары, өзгөчөлөнгөн иштер үчүн ар кандай номинациялар да ыйгарылды.



2025-жылдын 21-майында “Карагай Курулуш” компаниясы студенттерди бош жумуш ордулары менен тааныштырды.

📎Жолугушууда “Карагай Курулуш” компаниясынын өкүлдөрү өздөрүн презентациялап, талаптарын жана мүмкүнчүлүктөрүн баяндап беришти. Андан сырткары, заман талабына ылайык өнүгүүгө шыктар кадрларга муктаж экендигин билдиришти.



Ош мамлекеттик университетинин математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун КМИГД кафедрасынын1-курстарынын арасында адаптациялык жумалыгынын негизинде волейбол мелдеши өткөрүлдү.



Акыл таймаш! 🧠✨
Жолдошов Толкун агайыбыздын КМИ-1-24 кураторлук тайпасы кызыктуу жана пайдалуу акыл таймаш уюштурду.

Бул иш-чаранын максаты — студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, командалык духту чыңдоо жана бири-бири менен достук мамилени бекемдөө болду 🤝 💡

Бардык катышуучулар активдүү катышып, өз билимин жана жөндөмүн көрсөтө алышты. Жеңүүчүлөргө атайын сыйлыктар тапшырылды

Нанкинде ОшМУнун илимий-практикалык конференциясы өттү

2025-жылдын 6-ноябрында Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К. Кожобеков баштаган делегация Нанкин технологиялык институтунда өткөн “Нанкин технологиялык институту менен ОшМУнун жогорку квалификациялуу адистерин даярдоо” аттуу илимий-практикалык конференцияга катышты. Бул биргелешкен конференцияга бир нече кытайдын жогорку окуу жайларынын ректорлору, окумуштуулары жана дүйнөлүк деңгээлдеги өндүрүштүк иш каналардын өкүлдөрү катышышты.

🗣 Конференциянын жүрүшүндө:
• ОшМУнун ректору, профессор К. Кожобеков баяндама жасады;
• ОшМУ НанТИ менен биргелешип НанТИнин базасында “Борбордук Азияда жаңылануучу энергетиканы өнүктүрүү” борборун ачты;
• Нанкин технологиялык институнун жана ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институнунун окумуштуулары тарабынан биргелешип жазылган “Обзор искусственного интеллекта” жана “Обзор технологии больших данных” аттуу эл аралык стандарттагы, КЭРдин грифти менен кытай/орус тилдеринде басылып чыгарылган эки китептин бет ачары болду. Китептердин авторлору Нанкин технологиялык институнун “Ардак грамоталары” менен сыйланышты;
• МФТИТ институтунун директору, доцент Б. Азимов “Стратегиялык өнөктөштүктү кеңейтүү жана анын келечеги”, КМИГД кафедрасынын башчысы, доцент Т. Жолдошов “Кыргызстандагы чоң маалыматтар жана жасалма интеллект индустриясынын учурдагы абалы: келечеги, мүмкүнчүлүктөрү жана чакырыктары” темаларында баяндамаларды жасашты.




8-ноябрь | Биздин делегациясы Нанкин технологиялык институтунун 110 жылдыгына арналган форумга катышты.

Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К. Кожобеков баштаган делегация Нанкин технологиялык институтунун 110 жылдык маарекесине арналган «Нанкин технологиялык институту менен Нанкин шаарынын интеграциясы» аталышындагы III форумга катышты.

🎙 Конференцияда ректор К.Кожобеков баяндама жасап, ОшМУнун жетишкендиктери, эл аралык кызматташтыктары жана келечекке карата багыттары тууралуу маалымат берди.


🌐 Иш-чарага дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн ЖОЖдордун ректорлору, белгилүү

окумуштуулар жана ири компаниялардын жетекчилери катышты.
🔧 Күндүн экинчи бөлүгүндө делегация дүйнөдөгү эң алдыңкы электрондук-автоматизация роботтоштурулган “Kangni”өндүрүш заводунун ишмердүүлүгү менен таанышып, ал жерде ылдам поезддердин, метролордун эшиктери жана электромобилдердин тетиктери кантип жасалары боюнча маалымат алышты.




💌 Ардак грамота !
МФТИТ институтунун директору, ф.-м.и.к., КМИГД кафедрасынын доценти Азимов Бектур Абдырахмановичке жана КМИГД кафедасынын башчысы, тех.и.к, доцен Жолдошов Толкунбек Мамытовичке Нанкин Технологиялык Институтунун атынан АРДАК ГРАМОТА тапшырылды.
Окуу материалдарын биргелешип түзүүдөгү активдүү салымы, методикалык иштердеги жоопкерчиликтүү мамилеси жана Кытай—Кыргызстан академиялык

кызматташтыгын өнүктүрүүдөгү иштери үчүн расмий түрдө ыраазычылык билдирилди.
Грамотанын өзүндө :
— «Big Data Киришүү» жана «Жасалма интеллектке киришүү» окуу куралдарын түзүүдөгү кошкон салымы;
— жогорку деңгээлде жоопкерчилик жана демилгелүүлүк көрсөткөнү;
— эл аралык кызматташтыкты, айрыкча Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы академиялык байланыштарды өнүктүрүүгө чоң салым кошкону;
— жаңы идеялары жана инновациялык көз карашы үчүн терең ыраазычылык билдирилери жазылган.
Окуу материалдарынын илимий жана практикалык баалуулугу жогору болуп, бул иш жалпы жетишкендик, сыймык катары бааланганы белгиленген.



Ош мамалекеттик университетинде үзүрлүү эмгектенип жаткан профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик ишмердүүлүгүндөгү өзгөчө жетишкендиктери ардак грамоталар, төш белгилер жана акчалай сыйлыктар менен бааланды.

🏅 Жолдошов Толкунбек Мамытович
Scopus индекстелген (Q2) журналда жарык көргөн илимий макаласы үчүн акчалай сыйлык менен сыйланды.

🏅 Камалов Султан Садырбекович
Илим жана билим берүү тармагындагы үзүрлүү эмгеги үчүн Ардак грамота тапшырылды. Кесиптик ишмердүүлүгүндөгү жогорку көрсөткүчтөрү мыкты бааланып, кафедрабыздын атын бийик көтөрүп келет.

✨ Сыйлык ээлерин чын дилибизден куттуктайбыз!
Илимий жолуңуздар ар дайым ийгиликтерге, жаңы ачылыштарга жана дем-күчкө толсун!



Биз КМИ-2-25 группасы 20-ноябрь 2025-жылы орус тилинде

« Күз мезгили – көздүн жоосун алган мезгил » аталыштагы майрамга катыштык. Биз талантту студенттер биригип, командабыздын аталышын

Майрамдын жүрүрүшүндө ар бир команда өз эмблемасын жана дубал гезиттери менен тааныштырды.









Албетте, биздин командандын аракети текке кетпеди, 7 топтун арасынан эң биринчи орундуу ээледик. Калыстар тобу да калыс чечим чыгарышканына ишендик.

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ,ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
ИНСТИТУТ МАТЕМАТИКИ,ФИЗИКИ,ТЕХНИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

# Диплом

## I степени

награждается

команда
„Golden Sinus"

Конкурс "Осенняя пора-очей очарованье!"

Директор ИМФТИТ: ____________ Азимов Б.А

ОШ 2025

“GOLDEN SINUS”  КОМАНДАСЫ




**Студенттердин арасында сурамжулоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары.**

Т
о
л
л
у
к

м
а
а
л
ы
м
а
т
т
ы
т
ө
м
ө
н
д
ө
г
ү

ш
и
л
т
е
м
е

а
р
к
ы
л
у



"Графикалык дизайн" адистигинин 1-курстары үчүн окутуучуларды сурамжылоо анкетасы

Сурамжылоо жашыруун жүргүзүлөт, купуя сакталат

ata.enaler@gmail.com Сменить аккаунт

Не будет видно получателю

Сиз бул окутуучуну кийинки курстарга сабак берүүсүн каалайсызбы?

| | Абдивоситова Айтолкун | Акматов Абдилазиз | Бактыбек уулу Бексултан | Бектемир уулу Дүйшөнбек | Мамалов Мухаметали | Шамшиева Гулмира |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Жок | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

"Графикалык дизайн" адистигинин 2-курстары үчүн окутуучуларды сурамжылоо анкетасы

Сурамжылоо жашыруун жүргүзүлөт, купуя сакталат

Сиз бул окутуучуну кийинки курстарга сабак берүүсүн каалайсызбы?

| | Абдивоситова Айтолкун | Бактыбек уулу Бексултан | Бекмурза уулу Ыбадылла | Гаипова Сүйүта | Жолдошов Толкунбек | Камбар кызы Жамал | Турдук Сабыр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Жок | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

# "Графикалык дизайн" адистигинин 3-курстары үчүн окутуучуларды сурамжылоо анкетасы

Сурамжылоо жашыруун жүргүзүлөт, купуя сакталат

Сиз бул окутуучуну кийинки курстарга сабак берүүсүн каалайсызбы?

| | Бактыбек уулу Бексултан | Гаипова Суйүта | Гайып уулу Жайдарбек | Камбар кызы Жамал | Маманов Мухаметали | Мурзали уулу Бексултан | Равшан уулут Сыймык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| жок | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| ооба | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

# "Графикалык дизайн" адистигинин 4-курстары үчүн окутуучуларды сурамжылоо анкетасы

Сурамжылоо жашыруун жүргүзүлөт, купуя сакталат

Сиз бул окутуучуну кийинки курстарга сабак берүүсүн каалайсызбы?

| | Абдивоситова Айтолкун | Бектемир уулу Дүйшөнбек | Гаипова Суйүта | Маманов Мухаметали | Турдукулов Сабырбек | Шамшиева Гулмира |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |
| Жок | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ |

